DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2022

*Бекмурзаева Г.К.*

# КАРА-КЫРГЫЗ АВТОНОМИЯЛУУ ОБЛАСТЫНЫН АТКАРУУ КОМИТЕТИНИН ТҮЗҮЛҮШҮ

*Бекмурзаева Г.К.*

# ОБРАЗОВАНИЯ ИСПОЛНИТЕЛЬНОГО КОМИТЕТА КАРА-КЫРГЫЗСКОЙ АВТОНОМНОЙ ОБЛАСТИ

*G. Bekturzaeva*

# THE FORMATION OF THE EXECUTIVE COMMITTEE KARA-KYRGYZ AUTONOMOUS REGION

*УДК: 947.1.088(575.2) (043.3)*

*Макалада алгачкы кыргыз мамлекетинин формасы болгон Кара-Кыргыз Автономиялуу областында башкаруу органы болгон аткаруу комитеттердин түзүлүү тарыхына анализ жасалды. Бүткүл Союздук БАКтын 1920-ж. 27-августта «Түркстанды административдик жактан бөлүштүрүү жөнүндө» кабыл алган токтомунун негизинде Орто Азиядагы жооптуу кызматкерлердин жыйыны (1924-ж. январда) өткөн. Анда бир нече талаш-тартыштардын негизинде кыргыздар жашаган аймак Казак Республикасынын аймагына кире турган сунуш жактырылган. Бирок 1924-ж. 14-октябрда Москва Бүткүл Союздук БАКтын 2-сессиясы Орто Азия элдеринин Улуттук мамлекеттик бөлүнүшү жөнүндө чечим кабыл алган, анда Кара Кыргыз Автономиялык областын РСФСРдин курамында түзүү чечими кабыл алынган. Бул чечимдин кабыл алынышы кыргыз элинин мамлекеттүүлүгүнүн тарыхындагы өзгөчө саясий мааниси жогору кадам болгон. Анткени, Россиянын курамына кыргыздардын кирип калышы, андан кийинки Автономиялуу ССР, андан союздук республика болуп түзүлүшүнө түздөн-түз таасир тийгизген. Казак Республикасынын курамында түзүлүп калганда, кыргыздардын казактар менен биригүү же көп элдин курамына сиңип кетүү коркунучу турган. Башкаруу органдарынын пайда болушу, алардын иш жүргүзүшү тууралуу иликтөөлөр архивдик маалыматтар аркылуу изилдөөгө алынды. Бул органдардын тарыхын билүү, учурдагы мамлекеттик органдардын түзүлүшүнө карата сунуштарды берүүгө шарт түзөт. Эң алгачкы мамлекеттик орган болгон революциялык комитеттин негизделиши, анын иш жүргүзүшүнө анализ берилди.*

***Негизги сөздөр:*** *совет, революция, комитет, мамлекет, сьезд, мамлекеттүүлүк, саясий, башкаруу, автономиялык.*

*В статье анализируется история формирования исполнительных комитетов, являющихся органом управления Кара-Кыргызской автономной области, первой формы Кыргызского государства. 1920 года Всесоюзного ЦК. 27 августа состоялось совещание среднеазиатских сотрудников (январь 1924 г.) на основании постановления «Об административном делении Туркестана». Он предлагает о включении территории проживания кыргызов в состав Республики Казахстан на основе ряда споров. Однако в 1924 г. 14 октября в Москве состоялось 2-е заседание Всесоюзного ЦК по Национально-государственному размежеванию народов Средней Азии, на котором было принято решение о создании Кара-Киргизской автономной области в составе РСФСР. Это стало решением большого общественного значения в истории государственности кыргызского народа. По причине того, что включение кыргызов в состав РСФСР оказало значительное влияние на последующее образование АССР, союза и союзной республики. Если она образовалась в составе Республики Казахстан, киргизы произошли под угрозой объединения с казахами или включения в состав более крупного населения. Исследования возникновения и функционирования органов управления проводились с использованием архивных данных. Знание истории этих органов позволяет дать рекомендации по формированию действующих государственных органов. Проанализировано создание Ревкома как начальная форма государственности и дано анализ деятельности этого органа.*

***Ключевые слова:*** *совет, революция, комитет, государство, сьезд, государственность, политический, управление, автономный.*

*The article analyzes the history of the formation of executive committees, which are the governing body of the Kara-Kyrgyz Autonomous Region, the first form of the Kyrgyz state. 1920 of the All-Union Central Committee. On August 27, a meeting of Central Asian employees was held (January 1924) on the basis of the decree "On the administrative division of Turkestan." He approved the proposal to include the territory of Kyrgyz residence in the Republic of Kazakhstan on the basis of a number of disputes. However, in 1924, on October 14, the 2nd meeting of the All-Union Central Committee on the National-State Delimitation of the Peoples of Central Asia was held in Moscow, at which a decision was made to create the Kara-Kyrgyz Autonomous Region as part of the RSFSR. This decision was a step of great political significance in the history of the statehood of the Kyrgyz people. Because the inclusion of the Kyrgyz in the RSFSR had a direct impact on the subsequent formation of the ASSR, and then the union republic. If it was formed as part of the Republic of Kazakhstan, the Kirghiz were under the threat of unification with the Kazakhs or incorporation into a larger population Studies of the emergence and functioning of governing bodies were carried out using archival data. Knowledge of the history of these bodies allows us to give recommendations on the formation of existing state bodies. The creation of the Revolutionary Committee as the initial form of statehood is analyzed and an analysis of the activities of this body is given.*

***Key words:*** *council, revolution, committee, state, congress. statehood, political, management, autonomous.*

Октябрь революциясынан кийин эле Түркстан республикасынын курамындагы элдер өз алдынча мамлекетке бириктирилип, же республикаларга бөлүштүрүү башталган. XX кылымдагы кыргыз мамлекетинин башаты 1924-жылдын 14-октябрында Кара Кыргыз Автономиялык областынын түзүлүшү менен башталган. Ошол мамлекеттин башкаруу органдары катары эң алгач революциялык комитет түзүлгөн. Бир жылга жакын башкаруу органы катары областты эки андан соң 4 округга бөлдү, борбор шаарды, округдун борборлорун, эл чарбасын түзүү, курулуш иштерин жана башка алгылыктуу иштерди жүргүзө алган.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Кыргыз мамлекетинин башкаруу органдарынын түзүлүшүнүн тарыхы тууралуу маалыматтар архивдик маалыматтардан алынып, комплекстүү изилдөө максатын көздөйт.

Изилдөөнүн усулдары: тарых илиминдеги илимий усулдар системалуулук, тарыхыйлуулук, салыштырмалуулук усулдары колдонулду.

XX кылымдагы кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн негизделиши Кара кыргыз автономиялык областынын түзүлүшү менен башталат.

Октябрь революциясынан кийин Түркстан крайында 1917-жылдын ноябрында совет бийлиги орношу менен улуттук чек араларды аныктоо маселеси келип чыккан. Чек араларды тактоо ошол учурда союздук деңгээлде жүргүзүлгөндүктөн жана бирдиктүү совет элин түзүү лозунгунун алдында иш алып барылгандыктан, жер боюнча комиссиянын курамында жергиликтүү элдерден аз болгондуктан, чек ара маселеси ал учурда шарттуу эле бөлүнгөндүктөн анчалык маанилүү эмес маселедей көрүнүп, так ачык такталбай калган. Ошондуктан, азыркы учурда өтө көйгөйлүү маселелер жаралып, мамлекеттер аралык карама- каршылыктар келип чыгууда.

Бүткүл Союздук БАКтын 1920-ж. 27-августта «Түркстанды административдик жактан бөлүштүрүү жөнүндө» кабыл алган токтомунун негизинде Орто Азиядагы жооптуу кызматкерлердин жыйыны (1924-ж. январда) өткөн. Анда бир нече талаш-тартыштардын негизинде кыргыздар жашаган аймак Казак Республикасынын аймагына кире турган сунуш жактырылган. Бирок 1924-ж. 14-октябрда Москва Бүткүл Союздук БАКтын 2-сессиясы Орто Азия элдеринин Улуттук мамлекеттик бөлүнүшү жөнүндө чечим кабыл алган, анда Кара-Кыргыз Автономиялык областын РСФСРдин курамында түзүү чечими кабыл алынган.

Ал эми алгачкы мамлекетүүлүктүн калыбы болгон Кара кыргыз автономиялык областынын алгачкы башкаруу органы катары революциялык комитет түзүлгөн.

Жумушчу, дыйкан жана кызыл армиянын депутаттарынын советинин Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу комитетинин президиумунун токтому менен 1924-жылдын 21-октябрында Кара-Кыргыз Автономиялык областын башкаруу үчүн революциялык комитет түзүлгөн. Революциялык комитеттин курамы 17 адамдан турган: Рев.коомдун төрагасы: И.Айдарбеков төраганын орун басарлары Д.Зульфибаев, М. Янгулатов, мүчөлөрү: Ю.Абдрахманов, С.М.Малышев, С.Чонбашев, П.Покровский, М.Ботбаев, М.Д. Кменский, Б.Сарыбаев, Р.Квитко, Р.Худайкулов, Р. Расулов, И.Арабаев, И.Тойчинов, Джанышев, Асылбеков [1].

Революциялык комитеттин составы Кара-Кыргыз РКП(б) уюштуруу партиялык бюросу тарабынан сунушталып, 1924-жылдын 12-ноябрында Ревкомдун I пленумунда шайланган жана ушул күндөн өз ишин баштаган.

Мамлекеттик башкаруу органы катары түзүлгөн революциялык комитет 1925-жылдын 30-майына чейин өз функциясын аткарган.

Революциялык комитет ошол учурдагы мамлекеттик түзүлүшкө тиешелүү иш чараларды жүргүзө баштаган. Алгачкылардан болуп, кыргыздардын чек аралары, ички түзүлүшү аныкталган. Кыргыз жери эки округга бөлүнгөн. Пишпек округу жана Жалал-Абад округу, бул округдарды башкаруу үчүн да округдун революциялык комитеттер түзүлгөн.

Кара-Кыргыз Автономиялык Областынын эң алгачкы борбору болуп Жалал-Абад негизделген, бирок ал жерде бийлик органдары жайгаша турган шарт болбогондуктан убактылуу башкаруу Ташкент шаарына жылдырылган.

Ал эми Пишпек округунун борбору болуп Пишпек шаары, Жалал-Абад шаарынын округунун борбору болуп Жалал-Абад шаары кийинчерээк Ош шаары болгон [2]. Областтык ревком 1925-жылдын 15-ноябрында иш жүргүзүү үчүн Президиумунун жумушчу аппаратын түзгөн. Анын курамы 5 адамдан турган: И.Айдарбеков - төрага, областтык пландоо комиссиянын төрагасы - М.Янгулатов, төраганын орун басары Д.Зульфибаев, Ревкомдун катчысы С.М. Малышев, административдик бөлүмдүн башчысы И.Тойчинов. 1924-ж. 12-ноябрда Облревкомдун пленумунун чечими менен Пишпек жана Ош шаардык аткаруу комитеттер Пишпек Жалал-Абад ревкому болуп түзүлгөн [3]. Бул областтык ревком мамлекеттик түзүлүштү ички жана тышкы саясатты жүргүзүү үчүн бир нече мамлекеттик органдарды түзгөн. Кыргыз автономиялык областынын курамына мурдагы Жети-Суу областынан Каракол, Нарын, Пишпек уезддери андан Каракол-Нарын жана Пишпек округдары түзүлгөн, Сырдарыя областынан 14 волосту Олуя-Ата уезди Пишпек округуна кирген. Фергана областынан 13 волость Ош уездине жана Фергана уездинен 5 волость, Кокон уездинен 2 волость бириктирилип Ош округун түзгөн. Ал эми Анжиан уездинен 10 волость, Наманган уездинен 9 волость Жалал-Абад округуна бириктирилген. Автономиялык областтын аймагы убактылуу төрт округга бөлүнгөн: Пишпек- борбору Пишпек шаары 20 волосттон, Каракол-Нарын – борбору Каракол (Пржевальск) шаары 16 волосттон, ОШ - борбору Ош шаары 20 волосттон, Жалал-Абад – борбору Жалал-Абад шаары 10 волосттон турган.

Борбордук Аткаруу комитетинин II сессиясында 1924-жылы 14-октябрында Кара-Кыргыз Автономиялык областы түзүлөрү менен эле Түркстан АССРи аркылуу башкарылган бул аймактарда түзүлгөн республикаларга жана автономиялык областтарга бийлик жүргүзүү токтотулуп, өз мамлекеттери областтары

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



аркылуу жүргүзүү милдеттендирилген. Ошондуктан, ККА Областында да башка республика, областтар сыяктуу эле, Учредителдик съезддер чакырылган. Ревкомдун төрагасы И.Айдарбеков бекитилгенден кийин уюштуруу съезди 17 адамдантурган составды бекиткен [4].

Ошентип, XX кылымдагы кыргыз мамлекетинин алгачкы формасы түзүлүп, областты башкаруу үчүн аткаруу комитетинин баштапкы калыбы болуп революциялык комитет 1 жылга жакын өз ишин аткарган. Башында Пишпекте жайгаштырууга мекеме жок болгондуктан Ташкент шаарында иш жүргүзүшкөн. Бирок кыргыздарды алыстан туруп башкаруу оорчулук жараткандыктан, областтык ревкомдун президиуму 1924-ж. 25-ноябрында Пишпек шаарын областтын борбору деп таанып, ревком борборго көчүрүлсүн деген чечим чыгарган [5].

Ошентип, борбор Ташкент шаарынан Пишпекке которулуп, Пишпек Кара-Кыргыз Автономиялык облусунун борбору болуп официалдуу негизделген.

Орто Азияны улуттук - мамлекеттерге бөлүштүрүү жана анда кыргыз автономиялык областынын түзүлүшү кыргыз элинин тагдырында өзгөчө тарыхый мааниге ээ окуялардан болгон:

1) мурда административдик барьерлерге бөлүнгөн, кыргыздардын негизги калкы жашаган аймактарды биринчи жолу бирдиктүү автономиялык областка бириктирген;

2) Түркстан АССРинин өз-өзүнчо областтарына чачкын болуп кеткен кыргыздар бир бүтүн аймакка ККАО на бириктирилди;

3) Кыргыз элинин андан ары советтик мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүшүнө шарт түзүлдү;

4) Кыргызстан элине мамлекеттик башкаруунун жана мамлекеттик бийлик системасын түзүүгө мүмкүнчүлүк түзүлдү;

5) Бул аймакта чарбалык жана маданий курулуштун темпи жогорулады, патриархалдык-феодалдык мамилелер бир кыйла жогорку цивилизацияланган мамилелерге өзгөрө баштады.

Кара-Кыргыз Автономиялык областынын ревкомунун уюштуруу съездинде эле, Пишпек жана Жалал-Абад округуна бөлүнүп ал жерде 2 округдун революциялык комитет түзүлгөн эле, бирок бул областты башкарууга өтө оорчулук жараткан. Ошого байланыштуу Обл.ревкомдун Президиуму 1924-жылдын 8-декабрында ККАОнун жаңы административдик аймактык округдарга бөлүнгөнүн бекиткен. Ага ылайык облус 4 округга бөлүнгөн: Пишпек округу борбору Токмок шаары, Каракол округу убактылуу борбору болуп Каракол шаары, Ош округу борбору Ош, Жалал-Абад округу борбору Жалал-Абад шаары болуп бекитилген жана округдар волосторго бөлүнгөн. 1924-жылдын 12-ноябрынан 1925-жылдын 15-мартына чейинки төрт айдын ичинде ревкомдун президиуму 51 жыйналыш өткөрүп, 665тен ашык ар түрдүү маселелерди карап, чечип жана жыйынтык чыгара алган, негизинен советтердин учредительдик съезддерин уюштуруу, бийликтин жана башкаруунун борбордук жана жергиликтүү органдарын түзүү жана бекемдөө, эл чарбасын калыбына келтирүү, билим берүү, саламаттыкты сактоо жана маданиятты өнүктүрүү маселелерин карашкан. Ревкомдун негизги милдеттеринин бири болуп бийликтин жана башкаруунун областтык мамлекеттик аппаратын калыптандыруу маселеси турган. Бийликтин аппаратын калыптандыруу оор шарттарда өткөн, анткени улуттук билимдүү кадрлардын жоктугу маселени оордоткон. Андан сырткары ошол кадрлардын ортосундагы группалык күрөштөрдүн жүрүп турушу ККАОнун бат өнүгүшүнө тоскоолдуктарды жаратып келген.

Облревкомдун Президиуму 1924-жылдын 8-декабрында ККАОнун жаңы административдик аймактык округдарга бөлүнгөнүн жарыялаган заседениеде областтын бөлүм башчылары Пишпек шаарында жайгашаары айтылган. Ошондой эле мурдагы Түрк Республикасында Борбордук Азиялык жана Түркстандын ликвидациялык комитеттер түзүлүп, бул комитеттер ККАОдо чарбалык курулуш маселелерин чечүү жолдорун иштеп чыгышкан. Ушул ликвидациялык комитеттерди жана чарба-курулуш ишин жетектөө максатында областтык пландоо комиссиясы жана бир нече башка мамлекеттик маселелерди чечүү үчүн комиссиялар түзүлгөн:

– Областтык бөлүмдөр жана мекемелер;

– Округдук революциялык комитеттер жана анын бөлүмдөрү;

– Волосттук аткаруу комитеттери жана айылдык кеңештер түзүлгөн.

– Бул мамлекеттик органдар 1925-жылдын 1-январынан иш жүргүзө баштаган жана бул чечим «Эркин-Тоо» гезитине жарыяланган.

1. И. Тойчинов - Административдик бөлүм;
2. А.Джумагулов - Жер бөлүмүнүн башкармалыгы;
3. Некмодов - Жер бөлүм башчысынын орун басары;
4. И.И. Кизен - ички соода жана жергиликтүү чарбанын башчысы;
5. Мешковский - Жергиликтүү чарбанын бөлүм башчысынын орун басары;
6. Л.А. Авербург - Областтык Соттун төрагасы;
7. Т.Кудайбергенов - Обл. соттун төрагасынын орун басары;
8. Безнышков - областтык мамлекеттик прокурор;
9. Султанаев - обл.мам.прокурордун орун басары;
10. В.С. Мягченко – Эмгек бөлүмүнүн башчысы

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



11. В.П. Николаев – Саламаттыкты сактоо бөлүм башчысы;

12. М.Н. Дивногорский – Обл.статбюронун башчысы;

13. А.А. Подварков – Обл. статбюронун башчысынын орун басары;

14. И. Палкин – Обл. РКИ;

15. Ф. Сокуренко – Обл.фин бөлүм башчысы;

16. Т. Токбаев – обл. ОНО;

17. Л. Бруй – обл. ОНО башчысынын орун басары;

18. В.В. Епанечиков – Суу чарбанын башчысы;

19. П. Покровский – ГПУ обл. бөлүм башчысы [6].

Ошентип, областтык ревкомдун бөлүмдөрүнүн саны көбөйө берген. Обл.ревкомдо дайыма иштөөчү жана убактылуу комиссиялар түзүлүп иштеп турган.1924-жылдын декабрь айынын аягынан баштап Пишпек, Каракол, Ош округдарынын ревкомдору иш жүзүндө өз функцияларын аткара баштаашкан, ал эми Жалал-Абад ревкомунда кадр маселеси чечилбей бир аз кечиккен. Ошол жылы Түркстанда жер бөлүштүрүү же чек араны аныктоо жүрүп жаткандыктан, ККАО-нун курамына мурдагы Жети-Суу уездинен, Фергана жана Кокон уезддеринен жерлер берилген. Обл.ревкомдун иши көп болгондуктан, алгачкы волость, райондорду түзүү округдук ревкомдорго жүктөлгөн.

Бул учурда ревкомдордун курамына кирип калган бай-манаптар совет бийлигине каршы үгүт иштерин жүргүзгөндүктөн, ревкомдор алсырап тоолуу райондорго иш жүргүзө албай баштаган. Ошондуктан, байманаптарга каршы күрөш жүргүзүү зарыл болгон.

1924-жылдын декабрь айынын аягында 25-28-декабрда обл.ревком Ташкенттен Пишпекке көчүп келген. 1925-ж. январында обл.ревком, областтык бөлүмдөр, башкаруу мекемелердин жетекчилери уюштуруу андан соң пландоо иштерине киришкен.

Обл.ревкомдун Ташкенттеги убагында ири уюштуруу иштери б.а. К.К.А.Онын мамлекеттик аппаратынын түзүлүү мезгили болду. Техникалык аппарат түзбөй туруп, мамлекетти түзүүгө же областты округдарга, волость жана райондорго бөлүүгө мүмкүн эмес болгон. Башкача айтканда, областты административдик аймактык бөлүмдөргө бөлүштүрүштү, коңшу республикалар менен чек араларды аныкташты, элдик билим берүү, саламаттыкты сактоо, талкаланган эл чарбасын калыбына келтирүү ж.б. өтө чоң иштерди иш жүзүнө ашырууга жетише алышты.

Улуттук автономиянын жарыяланышы кыргыз элинин тарыхындагы бурулуш учур болгон. Автономиялык областка территориялык жактан эле бириктирилбестен, өзүнүн бийлик органдары түзүлүп, өзүнөзү башкарып, коомдук жашоонун бардык сферасында улуттук тили колдонула баштаган. КАО кыргыздардын тарыхында биринчи жолу элдердин улуттук жана улут аралык мамилелерди жүргүзүүнүн саясий жана улуттук-территориялык формасы катары кызмат аткара баштады.

**Адабияттар:**

1. ЦГА. КР. Ф.20.ОП.1.Д.З.Л.4. ОтчетСовет труда и обороны.
2. ЦГА. КР. Ф.20.ОП.1. Д.З. Л. 2-3 отчетный доклад Рев.Ком. Кара-Кыргызской Автономной Области РСФСР Iсъезду Советов рабочих дехканских и красноармейских депутатов области (Ноябрь 1924 г.- март 1925 г.) Пишпек, 1925 г. С. 7.
3. ЦГА КР. Ф. 20. ОП. 1. Д. З. Л. 6Гос.стоительтво СССР.
4. ЦГА КР. Ф.20. ОП.1.Д.4.Л.171. Отчетный доклад Рев.Ком. Кара-Кыргызской Автономной области.
5. ЦГА КР. Ф. 20. ОП. 1.Д.З.Л. 27 [текст отчетный доклад Рев.Ком. Кара-Кыргызской Автономной области.
6. ЦГА КР. Ф.20. ОП. 1.Д.З.Л. 32-34; Отчетный доклад. Рев.кома.